Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
28. sayı 2020

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
28-саны 2020

# Орто Азияга келген диндердин тарыхы

**Өскөнбай Зууридинов***

**Абстракт**

Бул макалада Орто Азияга келген диндер жана алардын кыскача тарыхынан сөз кылдык. Орто Азияда жашап өткөн диндердин айрым терминдерине токтолдук жана алардын түшүндүрмөсүн бердик.

**Ачкыч сөздөр**: Буркан, тойин, жөөт, тарса, Мани.

# History of religions which came to Central Asia

**Abstract**

In this paper we mentioned briefly about religions and their history which came to Central Asia. Also we laid stress on terms above-mentioned of religions and explained the meaning of them.

**Key words**: Burkan, toyin, jew, tarsa, Mani.

## Киришүү

Орто Азиянын аймагы тууралуу бирдиктүү пикир болбогондуктан биз тарыхтагы Түркстан аймагын негиз алып жаздык. Түрк элдеринин байыркы ишенимдеринде башка диндерге кысым көрсөтүү, өзүнүн гана ишенимдерин жаюу сыяктуу өзгөчөлүктөр болгон эмес. Ошондуктан түрк элдери жашаган аймактарда диндер кенен жайылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп келген. Учурда Орто Азияда ислам дини кеңири жайылган. Бирок, ислам келгенге чейин бул аймакта көптөгөн диндер жашап өткөнү чындык.

Биз макалада Орто Азияда жашап өткөн диндерден буддизм, зороастризм, манихеизм, несторианизм жана учурда аз санда өкүлдөрү жашап жаткан иудаизмдин тарыхы тууралуу кыскача баяндап, аталган диндердин Орто Азия аймагына кандай жолдор менен келгенине токтолдук.

---

* ОшМУнун теология факультетинин окутуучусу, batken86@gmail.com

## 1. Буддизмдин Орто Азияга келүүсү

Буддизм азыркы Индиянын аймагында б.з.ч. VI кылымда пайда болгондон кийин Маурья падышачылыгын б.з.ч. 273-236-жылдар аралыгында башкарган Ашока тарабынан коргоого алынган жана ал жөнөткөн миссионерлер тарабынан азыркы Шри-Ланка, Сирия, Египет, Македония жана Грециянын аймагына чейин жетип барган. Маурья династиясынан бийликти тартып алган Шунга династиясынын (б.з.ч. 185-б.з. 75) доорунда буддизм кысымга кабылган.[1] Түндүк Индияны басып алган Кушан падышачылыгын 78-103-жылдар аралыгында башкарган Каниша падышанын доорунда буддизм кайрадан жандана баштаган.[2] Канишанын доорунда буддизм Индиянын аймагынан Бактрияга, андан Согдианага жетип келген. Ошондой эле буддист миссионерлердин аракети менен буддизм кангар урууларына, Парфия жана азыркы Орто Азияга жайыла баштаган. III кылымда азыркы Ташкентте буддисттердин ибадатканасы болгон делет, ал эми Мерв шаарында IV-VI кылымдарга таандын буддисттердин комплексинин калдыктары табылган.[3] Демек, буддизм Орто Азияга түндүк-батыш Индия-Кашмир жана Бактрия аркылуу эки жол менен келген.[4]

Буддизмдин Орто Азияда таралуусунда согдианалыктардын салымы чоң болгон. Кала берсе согди миссионерлер Кытайга чейин буддизмди алып барышкан. Согдианага биздин замандын башында эле буддизмдин келгени маалым. VIII кылымда болсо Самаркандда бир кечил кызмат көрсөткөн буддист монастырь болгон.[5] Азыркы Бухара шаары буддисттердин вихара деп аталган монастырынын жергиликтүүлөр тарабынан айтылышынан улам келип чыккан делет.

---

[1] Aburrahman Küçük-Günay Tümer-Mehmet Arpaslan Küçük. Dinler Tarihi. –Ankara: Berikan, 2009. -231-233-бб.

[2] Ekrem Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004. -210-б.

[3] Ünver Günay-Harun Güngör. -159-б.

[4] Б. А. Литвинский. Буддизм в Средной Азии (проблемы изучения)// ВДИ. 2001. 4. -191.

[5] Шоира Амриддинова. Распространеные буддизма в Согде //Альманах современной науки и образования, № 8 (75) 2013. 85-б.

Анткени, Бухара шаарынын борборунда бир кездерде вихара болгону анык.[6]

Буддизм Орто Азияга келгенге чейин өз ичинде жаатташып, агымдарга бөлүнгөн болчу. Орто Азиянын аймагына буддизмдин кайсыл агымдары келгени тууралуу маалыматка ээ болуу үчүн ал диндин агымдарынан сөз кылууга туура келет.

Будданын өлүмүнөн кийин б.з.ч. 383-жылы тарапкерлери кечилдердин кымбат баалуу буюмдарды алып жүрүү эрежелерин талкуулаган кезде пикир келишпестик пайда болуп, анын натыйжасында эрежеге бекем стхавиравада деп да аталган тхеравада жана жаңылануука ыктуу махасангхика топтору пайда болгон. Эки жаат б.з.ч. 250-жылы маселени кароого чогулган кезде кайрадан пикир келишпестик чыккан жана анын натыйжасында эки топ өз алдынча агымга айланып кеткет.[7] Учурда буддизмдин агымдары эки топтун ичинде каралат: традициялык буддизм деп аталган хинаяна агымы[8] жана реформаланган буддизм катары белгилүү болгон махаяна агымы.[9] Учурда хинаяна агымы Шри-Ланка, Тайланд, Камбоджа, Бирмада, ал эми махаяна агымы Тибет, Кытай, Корея жана Японияда жайылган. Махаяна агымы реформачыл мүнөздө болгондуктан барган жеринде жергиликтүү маданият менен жуурулушуп, ошол аймакка таандык өзгөчөлүктөрдү ичине сиңирип алган.[10]

Түрк элдеринин арасында "улук-көлүңү"[11] деп аталган буддизмдин махаяна агымы менен ламаизм агымы жайылган болчу.

---

[6] Richard Nelson Frye. Buhara. Түркчөгө которгон: Hasan Kurt. –Ankara: Bilig Yayınları, tarihsiz. -51-52-бб.

[7] Aburrahman Küçük-Günay Tümer-Mehmet Arpaslan Küçük. -231-232-бб.

[8] Şinasi Gündüz. Din ve İnanç Sözlüğü. Vadi Yayınları, 1998. -171-б.

[9] Şinasi Gündüz. Din ve İnanç Sözlüğü. -242-б.

[10] Şevket Yavuz. Günümüzdeki Budist Mezhepleri. /Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. –Ankara: DİB Yayınları, 2007. -341-342-бб.

[11] "Көлүңү" көлдөн өтүүчү деген мааниге келет. Демек, буддизмди кабыл алган түрк элдери махаянаны "улуу кеме", хинаянаны "кичүү кеме" деген мааниде которушкан. Караңыз: Mübahat Türker-Küyel. İki Gemi Türü //Erdem. №5. 2-т. 1986. -337-б; Gerard Clauson. An Etymologycal Dictionary of Pre-Thirteenth-Century Turkish. –Oxford: Clarendon Press, 1972. -719-б.

II кылымда Хотанга келген буддист миссионерлер хинаяна[12] агымынын дхармагуптака окуусунун өкүлдөрү болгону алардын сүйлөгөн тилдеринин негизинде айтылат. Кушан падышачылыгынын доорунда хинаяна агымынын сарвастивада окуусу Орто Азияда жайылганын буддист тексттер айгинелеп турат.[13]

Түрк элдери Будданын сөлөкөттөрүн "Буркан", вихараны "Вихар" же "Буркан үй" деп аташкан. Вихар же Буркан үйлөрдө "тойин" деп аталган кечилдер жашаган.[14] Кытайлар буддист монахтарды жолдо жүргөндөр деген мааниге келген "тао-жен" деп аташкан.[15] "Тао жен" түрк элдерине "тойин" деген формада өткөн.[16] Будданы уйгурлар "Бур" дешип, ал эми ага "кан" деген сөздү кошуп, натыйжада Будданын түрк элдериндеги айтылышы "Бурканды" пайда кылышкан деген менен анын кайсы доордо пайда болгону тууралуу дээрлик маалымат жок.[17] Будданын эмне үчүн "Бур" деп аталганынын жообун түрк элдерине буддизмди алып келген элдердин сөздүгүнөн издөө керек.

Кубилай хан (1260-1294) дооруна чейин монголдор уйгурлар карманып жүргөн махаяна агымынын тантраяна окуусун жактырышкан болсо, 1269-жылдан кийин Тибеттин ламаизм агымына ооп кетишкен. Ламаизмдин түрк элдеринин арасында жайылуусуна монголдор шарт түзүп берген.[18] Буддизмдин жактоочулары жана аймакта жайылтуучулары катары белгилүү болгон уйгурлардын бир

---

[12] "Хинаяна"-"кичине кеме" же "тар жол" деген маанилерге келгендиктен хинаяна деп аталган агымдын өкүлдөрү бул аталышка каршы чыгышат. Алардын пикиринде, хинаяна деген атты махаянанын тарапкерлери берген жана кемсинтүү маанисин камтыйт. Ошондуктан 1954-1956-жылдар аралыгында Бирмага өткөн жыйында тхераваданын өкүлдөрү хинаяна деген атты колдонбоого чакырышкан. Караңыз: -С. Б. Бережной. Об употреблении понятий "махаяна" и "хинаяна" в буддологии //Вестник МГУКИ. 2013. 6 (56). -52-53-бб.

[13] Ünver Günay-Harun Güngör. -160-б.

[14] Ünver Günay-Harun Güngör. – 160-б.

[15] Daniel L. Overmyer. Presious Volumes: An Introduction to Chinese Sectarian Scriptures from the Sixteenth and Seventeenth Centuries. –USA: Harbard University Press, 1999. -78-б.

[16] Gerard Clauson. -569-б.

[17] Ünver Günay-Harun Güngör. –173-174-бб.

[18] Ünver Günay-Harun Güngör. –179-181-бб.

бөлүгү учурда сары уйгур деген аталыш менен диндерин жашап жүрөт.

## 2. Зороастризмдин Орто Азияга келүүсү

Зороастр б.з.ч. VI кылымда Хорасан аймагында төрөлгөнү жана ахамениддер династиясынын доорунда жашаганы айтылат. Ал Хорасандын чыгыш тарабындагы Виштаспа падышанын өлкөсүнө барып, ар кандай кыйынчылыктарды жеңгенден кийин падыша менен жакын мамиле түзөт. Падышанын колдоосун алган соң аймакта динин жаюуга өтөт. Зороастр көзү тирүү кезинде Харезмге келип, эки жылдын тегерегинде үгүт иштерин жүргүзгөн делет.[19] Харезм ал кезде азыркы Тажикстан жана Белужистандын чегине чейин жайылган болчу жана аталган аймакка Виштаспа өзү да миссионерлерди жиберген.[20] Виштаспанын уулу деп божомолдонгон Дарий I доорунда (б.з.ч. 522-486) зороастризм Анатолиядан Европанын аймагына чейин жайылган. Сасаниддер династиясынын доорунда (224-651) зороастризм Арап жарым аралынан Индиянын батышы жана Кытайга чейин жетип келген.[21]

Орто Азия аймагында персче сүйлөгөн жергиликтүү элдер болгондуктан-бул зороастризмдин жайылуусуна шарт түзүп берген. Перстер Орто Азияга куугунтуктан да качып келишкен, соода менен да келишкен. Орто Азияда түрк элдери менен перстердин мамилеси тынчтык негизде өкүм сүргөндүктөн зороастризм түрк элдеринин арасында жайыла баштаган.[22] Зороастризм Орто Азияга келгенден кийин буддизмге атаандаш катары иш алып барган жана буддизмдин таасирин азайткан. Зороастристтер буддист кечилдерге тоскоолдук жаратып, кала берсе күйгөн отун менен кууп турушканына саякатчы күбө болгон. Натыйжада аймакта зороастризм үчүн жайылууга мүмкүнчүлүк пайда болгон.[23] Зороастризмдеги оттун ыйыктыгы жана ага табынуу түрк элдериндеги оттун тазалоочу касиетине ишенүүгө

---

[19] Ekrem Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –123-125-бб.

[20] Şinasi Gündüz. Mecusilik. /Yaşayan Dünya Dinleri. -512-б.

[21] Şinasi Gündüz. Mecusilik. /Yaşayan Dünya Dinleri. -508-511-бб.

[22] Ünver Günay-Harun Güngör. –182-184-бб.

[23] İskender Oymak. Türkistan'da Zerdüşltlüğün Yayılması ve Etkileri. /Türkler Ansiklopedisi. -375-384-бб.

окшоп кеткендиктен түрк элдери тарабынан тез кабыл алынганы айтылат.[24]

### 3. Иудаизмдин Орто Азияга келүүсү

Араптар Орто Азияга келгенге чейин эле Бактрия-Тохаристан, Согд, Маргиана, Харезм, Бухара сыяктуу ири шаарларда иудейлер жашап турган. Иудейлердин Орто Азияга перстердин колдоосу менен келгени айтылат. Анткени орто азиялык иудейлер иврит-тажик тилинде сүйлөшөт.[25] Иудейлердин перстер менен байланышын түшүндүрүү үчүн иудейлердин тарыхынан кычкача сөз кылууга аргасызбыз.

Библиядагы маалыматтардын негизинде карай турган болсок, Жакып пайгамбардын Рашел, Леа, Зилпа, Билха аттуу төрт аялы болгон. Леадан Жакыптын Рубен, Шимон, Леви, Иуда, Иссакар, Зебулун деген уулдары менен Дина аттуу кызы, Зилпадан Гад жана Ашер атуу уулдар, Рашелден Жусуп жана Бенямин аттуу уулдары, Билхадан Дан жана Нафтали аттуу уулдары төрөлөт.[26] Ошентип, Жакыптын бир кызы жана он эки уулу болот. Жакыптын он эки уулунан иудейлердин он эки уруусу келип чыккан. Йешу же Иисус Навин доорунда Жакыптын он эки уулунун аттары менен аталган уруулар азыркы Палестинанын аймагын басып алышып, ар урууга таанылык аймак бөлүнүп берилет. Диний кызматты аркалаган леви уруусуна гана жер берилбей, алар башка уруулар жашаган аймактарда диний кызмат көрсөтүшмөк. Иудей уруулары Давуд падышанын доорунда күчтүү падышачылыкка айланган. Давуддун уулу Сулаймандын падышачылыгынан кийин иудей уруулары экиге бөлүнүп, түндүктө он уруу Израиль, түштүктө иуда жана бенямин уруулары Иуда падышачылыгын курушат. Израиль падышачылыгын Ассирия падышачылыгы басып алгандан бир кылымдан кийин Иуда падышачылыгы Вавилониянын карамагына кирет. Иудейлер козголоң чыгаргандан кийин Вавилон падышачы Навуходоносор IIнин буйругу менен Иуда падышачылыгы кыйроого учурайт. Израиль

[24] Fuat Bozkurt. Türklerin Dini. –Konya: Salon Yayınları, 2018. -103-б.

[25] Durmuş Arık. Buhara Yahudileri //Asya Araştırmalar Dergisi. №1. 2-том. 2018. – 3-8-бб.

[26] Библия. Жаратылыш. 29/31- 30/24; 35/23-26. Ömer Faruk Harman. Yakub /DİA. 43-т. – İstanbul: TDV, 2013. – 274-б.

падышачылыгындагы уруулар жоголуп же ассимиляция болуп кеткен делет, ал эми Вавилонияда сүргүндө жүргөн иуда, бенямин жана диний кызматты аркалаган леви урууларынан турган иудейлерди перстердин Ахаменид династиясынын императору Кир II куткарып, аларга өлкөлөрүнө кайтып кетүүгө уруксат бергени айтылат.[27] Вавилондук, перс жана грек булактарда ассириялыктар тарабынан сүргүнгө айдалган Израиль падышачылыгындагы он уруу тууралуу эч кандай маалыматтын жоктугу, алардын ассимиляция болуп кеткенине далил катары айтылып жүрөт. Ал эми иуда, бенямин, леви урууларынын сакталып калуусуна жана иудаизмдин жайылуусуна перстердин чоң салым кошкону талашсыз. Кала берсе, перстердин таасири иудейлердин диндеринде деле байкалат.[28] Учурда Иран, Афганистан, Орто Азия жана Кытайдын Кайфэн шаарында жашаган иудейлер иудео-перс тилинде сүйлөшкөнүн[29] негиз ала турган болсок, анда аларды перстердин колдоосу менен башка аймактарга жер которгон иудейлер деп түшүнсөк болот. Өзгөчө тарых булактарында Орто Азияда перстердин таасири чоң болгону талашсыз.

### 4. Несторианизмдин Орто Азияга келүүсү

Несторианизм Несторий тарабынан негизделген жана анын тарапкерлери ээрчиген христиандык агым болуп эсептелет. Несторий 382-жылы Византиянын Коммаген аймагындагы Германикея шаарында төрөлүп, Антиохия теология мектебинде окугандан кийин диний кызматка киришкен. Ал сөзгө чечендиги менен аймактагы ересилерге каршы чечкимдүү күрөш алып баргандыгы үчүн таанымал болгон жана 428-жылы император Феодосий II (401-450) тарабынан Константинополдун патриархы болуп дайындалган.[30] Ал кезде Антиохия теология мектеби менен Египеттеги Александрия теология мектебинин ортосунда атаандаштык бар болчу. Эки тараптын теологиялык талаш меселеси күч алганда Рим чиркөөсүнүн папасы Целестин I (422-432) Александрия теология мектебинин өкүлү

---

[27] Salime Leyla Gürkan. Yahudilik /DİA. 43-т. – İstanbul: TDV, 2013. – 189 -190-бб.

[28] Ali Osman Kurt. İkinci Mabed Dönemi Yahudiliğine Genel Bir Bakış. //C. Ü. İlahiyat Fakültesi Dergisi. Cilt: X. Sayı: 2. – Sivas, 2006. – 440 – 442-бб.

[29] https://en.wikipedia.org/wiki/Judeo-Hamedani_dialect 08.02.2020.

[30] Kadir Albayrak. Nesturilik /DİA. 33-т. –İstanbul: TDV, 2007. -15-б.

Кириллди (378-444) колдоого өткөн кезде Несторий жалгызсырап калган. Саясий абалды көзөмөлдөп турган император көпчүлүктү колдогондуктан Несторий кызматтан алынган жана чиркөөдөн четтетилген. Ошо кезде Несторийдин тарапкерлери Византиянын чыгышы менен Сасаниддер империясына чектеш аймактарда теологиялык мектеп түптөшүп, Несторийдин пикирлерин жайылтышкан.[31] Несторианизм Византиянынын басмырлоосунан улам жайылуу мүмкүнчүлүгүн жоготкондон кийин азыркы Иран аркылуу Орто Азияга чейин жетип келген.[32]

332-жылы азыркы Түркменстандын Мерв шаарында несториандардын епархиясы болгону айтылат. 718-жылы бул шаардагы түрк кагандын жана элинин несторианизмди кабыл алганы жазылган. Ал каган Тараз шаарында митрополия түзүп, аймакта несторианизмди жайган делет. Саманиддер Тараз шаарын карлуктардан тартып алган кезде шаардагы эң чоң чиркөөнүн дал ошол болгону тууралуу маалымат бар. Ички Азия жана Урал аймагында VII-VIII кылымдарда курулган христаиндарга таандык тарыхий жайлар карлуктар тарабынан курулган[33] болсо, анда карлуктардын несторианизм менен байланышы тыгыз болгон деген натыйжа чыгарсак болот. V кылымдарда Тохаристан, Бухара жана Самарканддан чыккан согдианалыктар Талас менен Чүй аймактарында топ-топ болуп турак-жайларды курушуп, аймакка шаар түшүнүгүн алып келишкен делет.[34] Аймактагы несториандар диний маарекелеринде согд тилин колдонушкан. IX-X кылымдарда несториандар Библияны согд тилине которушуп, согд тилинде

[31] Talha Fortacı. Nesturiliğin Ortaya Çıkış Süreci. //Dilbilimleri Akademik Araştırmalar Dergisi. 18-т. № 2. 2018. -83-86-бб.

[32] Ахмет Хикмет Эроглу. Христианчылыктын бөлүнүү процессине жалпы көз жүгүртүү. //Теология факультетинин илимий журналы. Которгон: Өскөнбай Зууридинов. 26-саны. 2019. -108-б.

[33] Ünver Günay-Harun Güngör. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. –İstanbul: Rağbet, 2007. -200-б.

[34] Н. А. Угрюмова. История формирования и развития городов на территории Кыргызстана (с древности до X-XII вв.) // Вестник КРСУ. 16-т. № 8. 2016. -20-б; http://iverskiy.prihod.ru/khristianstvo_v_srednejj_azii/view/id/1119077 26.02.2020.

сүйлөшкөн жергиликтүү элге диндерин үйрөтүшкөн.[35] Несториандар ошондой эле ассирий тилинен башка уйгурлардын тилдерин да колдонушкан, кала берсе, ассирий тамгалар менен уйгурча жазышкан.[36] Христиан уйгурлардын борбору Турфандын чыгыш тарабындагы Булайык шаарчасы болгон жана жети-суулук христиандардын уйгурлар экени айтылат.[37]

Несториандар монгол империясынын тушунда персче "тарса", түркий "эркегүн" жана сефевиддер доорунда "кызылбаш тарса" деп аталышкан.[38] Азыркы Бишкек жана Ысык-Көл жолунда Тарсакент деген шаар болгон. Ал "тарса"-несторий христиан жана "кент"-шаар деген маанилерге келет. Жети-Суу аймагы Невакент жана Кашгар метрополити деген титулга ээ Невакент метрополиясынын карамагына кирген деген маалымат бар.[39] Археологиялык изилдөөлөр азыркы Кыргызстандын аймагына несториандардын VIII кылымда азыркы Иран аркылуу келишкенин көрсөтөт.[40] Амир Темурдун доорунда орто азиялык несториандар күчтөрүн жоготуп, мурда көчүп келген Анатолия аймагына кайтышса, XV кылымда Улуг Бектин доорунда орто азиялык несториандар тууралуу сөз кылынбай калган. Алардын айрымдары көчүп кеткен болсо, айрымдары ислам динине өтүшкөн делет.[41]

**5. Манихеизмдин Орто Азияга келүүсү**

Манихеизм азыркы Ирандын аймагында Мани (216-274) тарабынан III кылымда негизделген. Манихеизм синкреттик дин болуп эсептелет жана анын курамында зороастризм, христианчылык, буддизмдин элементтери байкалат.[42] Мани 241-жылы кеме менен Индияга, андан Орто Азияга барып келген. Ал 242-жылдары

---

[35] Ünver Günay-Harun Güngör. -203-204-бб.
[36] Ünver Günay-Harun Güngör. -204-205-бб.
[37] Ünver Günay-Harun Güngör. -201-б.
[38] Ünver Günay-Harun Güngör. -205-б.
[39] А. С. Бегалиева-Б. Э. Кенешбекова. История Кыргызстана (учебно-методический комплекс). –Бишкек: КЭУ, 2012. -140-б; В. М. Плоских. В поисках раннехристианткого монастыря и мощей святого Матфея на Иссык-Куле //Підводні дослідження: Археологія. Історія. Дайвінг. — 2012. — Вип 4.- 48-б.
[40] Плоских . - 47-б.
[41] Ünver Günay-Harun Güngör. -206-б.
[42] Şinasi Gündüz. Maniheizm. /DİA. 27-т. –Ankara: TDV, 2003. -575-б.

Сасаниддер династиясынын падышасы Шапур I (242-273) менен жолугушуп, падышанын колдоосун алган. Натыйжада окуучуларын үгүт иштери үчүн аймактарга жиберген. Ормизд I (273-74) Мани жана анын окуусуна тоскоолдук кылбаганы менен Бахрам I (274-277) доорунда зороастризм өлкөнүн расмий динине айланган кезде Маниге тоскоолдук жаралган. Зороастризмде магиандар деп аталган диний класстын ошо кездеги башчысы Картирдин аракети менен Мани колго түшүрүлгөн жана 276-жылы кыйноонун негизинде өлтүрүлгөн.[43]

Мани өлтүрүлгөндөн кийин анын окуусуна жана тарапкерлерине да тоскоолдуктар жаралган. Манихеизм Иранда пайда болгону менен Орто Азия анын очогуна айланган.[44] Умаяддар доорунда жизя берип турушкан болсо, Аббасиддер доорунда басмырлоого кабылышкандыктан вавилониялык манихеисттер Орто Азияга качууга мажбур болушкан.[45] Манихеисттер согдианалык соодагерлердин жардамы менен Хорасан аймагында активдүү жамааттарын түзүшкөн. Орто Азиялык манихеисттер Вавилониядагы башчыларын танышып, өз алдынча динаверия деп аталган агымдарын түптөшкөнү айтылат.[46] Кала берсе, 762-жылы Уйгур мамлекетинин расмий дини манихеизм болгон. Орто Азияда XIII кылымга чейин манихеизмдин өкүлдөрү буддист жана несториандар менен кошо жашап келишкен болсо, андан кийин тарыхтан жоголуп кетишкен.[47]

## Корутунду

Орто Азия Жибек жолу аркылуу Чыгыш менен Батышты байланыштырып тургандыктан аталган аймак маданият жана диндердин өтмөгүнө айланган. Орто Азияда буддизм, зороастризм, иудаизм, манихеизм, несторианизмдин өкүлдөрү жашаган жана акыркы дин катары ислам жашап келе жатат. Буддизм азыркы Индиянын аймагынан Афганистанга, андан кийин Орто Азия аркылуу

[43] Kurt Rudolph. Maniheizm //ÇİFD. Çev: Mustafa Bıyık. № 1. 2002. -381-382-бб.
[44] Kurt Rudolph. Maniheizm. -383-б.
[45] Harun Güngör. Orta Asya'da Mani Dininin Yayılması ve Türk Kültürüne Etkisi //EÜİFD. №6. 1989. 82-б.
[46] Harun Güngör. Maniheizm //EÜİFD. № 5. 1988. -150-б.
[47] Kurt Rudolph. Maniheizm. -383-б.

Кытай аймагына өтүп кеткен. Бирок, Орто Азияда буддизм аз болсо да өзүнө тарапкер тапкан. Өзгөчө уйгурлар аркылуу буддизм Орто Азияда өнүккөн десек болот. Зороастризм пайгамбар Зардуштун тушунда эле азыркы Тажикстандын аймагына чейин жетип келгени айтылат. Зардушт перс жана тажиктердин да перс тектүү эл экенин эске алганда, зороастризмдин азыркы Тажикстандын аймагына жетип келүүсү нормалдуу эле көрүнүш болук калат. Ошондой эле уйгурлардын арасында да зороастризм белгилүү бир убакка чейин жашаган. Иудейлердин Орто Азияга кайсы убакта келгени тууралуу так маалымат жок, бирок, б.з.ч. 586-жылдагы сүргүндөн кийин келгенин боолгосок болот. Перстердин Орто Азияда олуттуу таасирлери болуп келгенин эске ала турган болсок, иудейлер Орто Азияда перстердин колдоосу менен жашап келген. Манихеизмдин Орто Азияда жашап туруусуна да уйгурлар көмөк көрсөткөн. Ислам келгенге чейин манихеизм жашап турду, бирок ал аймактагылар мусулман болгондон кийин манихеизм колдоочусуз калды жана дүйнө жүзүнөн жоголук кетти. Христианчылыктын несторианизм агымы перстердин колдоосу менен кеңири аймакка жайылган. Биздин аймакка алардын келип калууларынын себебин перстер аркылуу түшүнсөк болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Albayrak, Kadir. Nesturilik /DİA. 33-т. –İstanbul: TDV, 2007. -15-17-бб.
2. Arık, Durmuş. Buhara Yahudileri //Asya Araştırmalar Dergisi. №1. 2-том. 2018. – 1-27-бб.
3. Bozkurt, Fuat. Türklerin Dini. –Konya: Salon Yayınları, 2018.
4. Clauson, Gerard. An Etymologycal Dictionary of Pre-Thirteenth-Century Turkish. –Oxford: Clarendon Press, 1972.
5. Fortacı, Talha. Nesturiliğin Ortaya Çıkış Süreci. //Dilbilimleri Akademik Araştırmalar Dergisi. 18-т. № 2. 2018. -63-99-бб.
6. Frye, Richard Nelson. Buhara. Түркчөгө которгон: Hasan Kurt. –Ankara: Bilig Yayınları, tarihsiz.
7. Günay, Ünver – Güngör, Harun. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. –İstanbul: Rağbet, 2007.
8. Gündüz, Şinasi. Mecusilik. /Yaşayan Dünya Dinleri. -507-527-бб.
9. --------- -------. Maniheizm. /DİA. 27-т. –Ankara: TDV, 2003. -575-577-бб.
10. --------- -------. Mecusilik. /DİA. 28-т. –Ankara: TDV, 2003. -279-284-бб.
11. --------- -------. Din ve İnanç Sözlüğü. Vadi Yayınları, 1998.
12. Güngör, Harun. Maniheizm //EÜİFD. № 5. 1988. -145-166-бб.
13. --------- --------. Orta Asya'da Mani Dininin Yayılması ve Türk Kültürüne Etkisi //EÜİFD. №6. 1989. 81-94-бб.
14. Gürkan, Salime Leyla. Yahudilik /DİA. 43-т. – İstanbul: TDV, 2013. –187-197-бб.
15. Harman, Ömer Faruk. Yakub /DİA. 43-т. – İstanbul: TDV, 2013. –274-276-бб.
16. http://iverskiy.prihod.ru/khristianstvo_v_srednejj_azii/view/id/1119077 26.02.2020.
17. https://en.wikipedia.org/wiki/Judeo-Hamedani_dialect 08.02.2020.
18. Kurt, Ali Osman. İkinci Mabed Dönemi Yahudiliğine Genel Bir Bakış. //C. Ü. İlahiyat Fakültesi Dergisi. Cilt: X. Sayı: 2. – Sivas, 2006. – 437 – 454-бб.
19. Küçük, Aburrahman – Tümer, Günay – Küçük, Mehmet Arpaslan. Dinler Tarihi. –Ankara: Berikan, 2009.

20. Overmyer, Daniel L.. Presious Volumes: An Introduction to Chinese Sectarian Scriptures from the Sixteenth and Seventeenth Centuries. –USA: Harbard University Press, 1999.
21. Oymak, İskender. Türkistan'da Zerdüşltlüğün Yayılması ve Etkileri. /Türkler Ansiklopedisi. 3-т. –Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002. -375-384-бб.
22. Rudolph, Kurt. Maniheizm //ÇİFD. Çev: Mustafa Bıyık. № 1. 2002. -378-393-бб.
23. Sarıkçıoğlu, Ekrem. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.
24. Türker-Küyel, Mübahat. İki Gemi Türü //Erdem. №5. 2-т. 1986. -337-349-бб;
25. Yavuz, Şevket. Günümüzdeki Budist Mezhepleri. /Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. –Ankara: DİB Yayınları, 2007. -341-355-бб.
26. Амриддинова, Шоира. Распространеные буддизма в Согде //Альманах современной науки и образования, № 8 (75) 2013. -84-87-бб.
27. Бегалиева, А. С.-Кенешбекова, Б. Э.. История Кыргызстана (учебно-методический комплекс). –Бишкек: КЭУ, 2012.
28. Бережной, С. Б.. Об употроблении понятий "махаяна" и "хинаяна" в буддологии //Вестник МГУКИ. 2013. 6 (56). -51-56-бб.
29. Библия. Жаратылыш.
30. Литвинский, Б. А.. Буддизм в Средной Азии (проблемы изучения)// ВДИ. 2001. 4. -188-199-бб.
31. Плоских, В. М.. В поисках раннехристианткого монастыря и мощей святого Матфея на Иссык-Куле. //Підводні дослідження: Археологія. Історія. Дайвінг. — 2012. — Вип 4. -46-61-бб.
32. Угрюмова, Н. А.. История формирования и развития городов на территории Кыргызстана (с древности до X-XII вв.) // Вестник КРСУ. 16-т. № 8. 2016. -19-22-бб.
33. Эроглу, Ахмет Хикмет. Христианчылыктын бөлүнүү процессине жалпы көз жүгүртүү. //Теология факультетинин